Корул айылдык Кеңешинин 7-чакырылышынын 20-отурумунун

# ***ТОКТОМУ***

19-апрель 2023-жыл. № 20/1 Тогуз-Булак айылы

Корул айыл өкмөтүндөгү мектепке
чейинки билим берүү уюмдарынын
жүргүзүп жаткан иштери жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» мыйзамынын 2-бөлүгүнүн 10-беренесинин 7-пунктуна ылайык, айыл өкмөтүндөгү мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын жүргүзүп жаткан иштерин карап чыгып, талкуулап Корул айылдык Кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. №29 С.Шабырбекова атындагы мектепке чейинки билим берүү уюмунун жетекчиси А.Кариеванын жана №33 А.Сулайманова атындагы мектепке чейинки билим берүү уюмунун жетекчиси Т.Болотбек кызынын жүргүзүп жаткан иштери канааттандырарлык экендиги белгиленсин.

2. Мектеп жашына чейинки бөбөктөр арасында богок, анемия, гепатит, ичеги-карын, ОРВИ жана башка жугуштуу оорулардын катталышына жол бербөө, алардын таралышын кыскартуу боюнча иш-чараларды көрүү жагы ФАП башчыларына жана МЧББУнун башчыларына милдеттендирилсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө билим берүү жана социалдык иштер боюнча туруктуу комиссияга жана айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ж.Турганбаевге милдеттендирилсин.

**Төрайым** **М.А. Абдыкадырова**